# №10 К.Абдыразаков атындагы орто мектебинин

1-11-класс окуучуларына

***«Өрт коопсуздугунун алдын алуу боюнча биринчи жардам"***

темасында өткөрүлгөн иш чарасы

29.03.2019.

Катышкан окуучулардын жалпы саны-703


Мугалимдер – 32

Өткөрүлгөн иш чарага Ноокен райондук ӨКМКБнын орун басары Бекенов Манас баш болгон күжүрмөн тобу менен №10 мектеп окуучуларына өрт чыккан учурда алгачкы жардамды көрсөтүү боюнча маалымат берүү максатында келишип окуучуларыбызга аябай кызыктуу көрүнүштөрү менен маалымат беришти жана ошондой эле окуучулардын колу менен жасалган макеттерге өрт кеткен учурда кантип жардам берүүнү айтып практика жүзүндө да көрсөтүштү. Мектепте ар бир кабатта жана ар бир кааналарда эвакуация планы илинип туруу керектигин эскертишти. Кокус мектепте өрт чыкса окуучу же мугалим, техперсонал жакындан жардам көрсөтүп, тезинен айгай көтөрүп өрт жөнүндө билдирүү керек жана "101" номерине чалып өрт кызматын чакыруу керектигин түшүндүрдү.

Окуучулар да өрт өчүрүү кызматкерлери тууралуу жакшы ойлорун, ырларын, көрүнүштөрүн аткарып беришти.

Окуучулар тарабынан берилген суроолорго өрт кызматкерлери жоопторун так беришти.

6-классынын окуучулары менен орт очуруучулор



# Орттун алдын алуу учуру



